КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
КӨТӨРМӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КОТОРМИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Көтөрмө айылдык кеңешинин VII чакырылыш кезексиз XXXII сессиясынын**

**№32/12 Токтому**

**Кызыл-Булак айылы.** **18.01.2024-жыл**

**Айыл аймагындагы жайыттарды пайдалануу жана башка айыл айыл аймактардан келген малдарга жайыт акы төлөө жөнүндө.**

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып жана талкуулап, Көтөрмө айылдык кенешинин сессиясы

**Токтом кылат:**

**1.** Айылдардагы элдик жыйындын протоколунун негизинде шайланган жергиликтүү мал багуучулар биринчи кезекте жайыт менен камсыз болсун.

2. Мал баккандарга койчуга төлөнүүчү акыны бодо мал үчүн 600 ( алты жүз) сомдон, кой-эчкилер үчүн 150 (бир жүз элүү) сомдон ашырылбашы эскертилсин.

3. Жайыттарга башка айыл аймактардан келген малдар үчүн төмөнкүдөй жайыт акы төлөнсүн:
Кой-эчкиге – 60 сом
Бодо малга – 1500 сом
Жылкыга -1000 сом
Жайытка төлөнүүчү акы бир жолу мал жайытка келери менен төлөнөт

4. Жайыттарды туура бөлүштүрүү, көзөмөлдөө жайыт комитетинин төрагасы токтомдун аткарылышы боюнча иш алып баруу жайыт комитетинин төрагасы Н. Мамаюсуповго, аймактык тескөөчүлөр Ү. Халмурзаевге жана Көтөрмө айыл өкмөтүнүн айыл башчыларына милдеттендирилсин.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Айыл чарбасы, турак жай жана коммуналдык маселелери жана этика жана мыйзамдуулук, адам укуктарын коргоо боюнча туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Бактыбаев**